Айталиева Т.К.
Талас МУ

УРКАШ МАМБЕТАЛИЕВ - ЖАЗГЫЧ МАНАСЧЫЛАРДЫН ӨКҮЛҮ

Кыргыз элине белгилүү жазгыч манасчылар Тоголок Молдо, Ыбырыйым Абдрахманов, Жусуп Мамай жана Уркаш Мамбеталиевдердин варианттары бүгүнкү күндө манастаануу илиминде изилдөөнү талап кылган актуалдуу проблемалардан болуп саналат. Макалада У.Мамбеталиевдин жазып калтырган «Семетейинин» айрым эпизоддору боюнча изилдөө жүргүзүлөт.

Манасчылык өнөрдө жазгыч манасчы катары таанылган өнөр ээлери да бар. Жазгыч манасчылардын катарына Тоголок Молдону, Ыбрайым Абдрахмановду, кытайлык кыргыз манасчысы Жусуп Мамайды кошууга болот. Жазгыч манасчылардын жолун улаган, кыргыз элине манасчы катары таанылып, Т.Сатылганов атындагы филармонияда артист болуп иштеп, симфониялык оркестрдин коштоосунда аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, ар кандай гастролдордо эпосубузду дүйнө элдерине тааныткан У.Мамбеталиев өзүнүн «Семетей» эпосун жазгыч манасчылардай отуруп алып кагазга жазып калтырган.

Жазгыч манасчылар тууралуу манастаануучу Ж.Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өнүгүп өсүү жолу» аттуу эмгегинде мындай деп жазат: «Убакыт аралыгында коом, заман агымы тынымсыз өсүп, өнүгүү, өзгөрүү процессинде болуп турары, ага жараша коомдогу бардык нерсе жаңыланып келери − мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушул жагдайда караганда «Манас» эпосунун качандыр бир кезде жазуу жүзүндө жашашы күтүлүүчү нерсе эле» [1, 208]. Чындыгында, «Манас» эпосу кылымдардан кылымдарга оозеки түрүндө сакталып келген, ал эми анын жазма варианттарынын пайда болгонуна аз гана убакыт болду.

Манасчы «Семетейди» айтып баштаганда «Баян башы» деген бөлүм менен баштайт [2, 14]. Кыргызда «өңгөнү коюп, Манасты айт» деген кеп бар, андыктан сөздү Манастан баштайлы деп, андан ары сөз деген эмне, анын маанисин төкмө акындар термелегендей термелейт. Сөздүн абалкыдан бабалардан калганын, ай жылдыздай жанганын, ак туйгундай көкөлөп, ай-ааламды чалганын, ак токойлоп өскөнүн, Жеңижоктой ырчы сөздүн күчү менен жеңдей сууну жети ай ырдап өткөнүн, чечендер сөздү сүйлөгөндө чечекейиң чеч болуп чер тарката угарыбызды, таң жарчысы булбул сөз, Тайбуурулдай дулдул сөз дейт. Сөздүн калыстык деп жанганын, калптын кардын жарганын, куш бешиктей кутмандыгын, курчап журт угарын, куйма кулак сөз багар адамдар, сөзгө кулдук уруп кастарлай турганын, сөздүн күчү менен душманына чалма салып, аны менен чабышпай чаңга оонага жыга турганын, ак деңиздей чалкырын, ак зоону жарып агарын, арууланып тили байып, сөздүн аркардай төлдөп жатканын, сөздүн арсыз адамга токтобой турганын, азамат эрге конорун, обологон таш сепилдей экенин, коргондой болуп ага ок өтпөй турганын айтат. «Манас» эпосундагы батасы

журтту байыткан алп Кошойдун күлүк тулпары Тайбуурулга сөздү салыштырат. Бул өңдүү термелер бардык эле манасчыларда кездеше бербейт. Уркаш Мамбеталиев журтчулугубузга акын катары да таанылган. Акын катары бир нече ырлар жана поэмалар жыйнактарын жарыкка чыгарган. Белгилүү жазуучу К.Ашымбаев У.Мамбеталиевдин «Семетейине» «Улуу манасчылардын кенжеси» аттуу кириш сөзүндө мындай деп жазган: «... «Семетей» айткандын көбү дээринде акын болушкан. Алардын көбү куйма кулак, сөз асырап көркөмдөп сүйлөп, кыялына учкундана калган окуяны ырга айлантып жиберишкени мага маалым. Семетейчилер белгилүү бир сюжеттин тулкусун сактап, бирок окуялардын өнүгүшүн сүрөттөп, каармандардын ажарын ачууда өздөрүнүн акындык дараметине жараша салыштырууларды таап, жандуу жана жалындуу кылып айтышкан. Ошондой табийгый таланттардын кенжеси − Уркаш Мамбеталиев 50 жылдан ашык Манас» үчилтигин айтып келет»[3, 3].

Акын өзүнүн ачылып ырдаганын мындайча ырга кошот. “Бузулбаган эл менен, бурганактуу сел, улуу тоодой дем, торпуда дүйүм гүл, торгой таңшык тил, кардыкпаган үн, кастарын калтыраткан кабыландай сүр менен ырдаганга даап-даабай, батына албай, мен да ырдадым”, - дейт. Жогоруда манасчынын акындардын ыкмасына салып термелеп ырдаганы анын «Семетейге» киришүүсү болуп саналат.

Манас баатыр элүүгө чыгып калганда кырк чилтен кызыр кез болуп, алардын батасы менен Семетейдин төрөлүшүн кең-кесири сөз кылган.

Султандын алтын сакасы, атасы чоң казаттан жараланып келгенде бешиктеги бала экен, атасынын көзү өтүп, Кошой, Бакай куран окушуп Эчкилүү-Тоого көмгөнүн, кырк ашы боло электе Абыке, Көбөштүн чапканын, куру чөл Букардын жолунда, кундакта бала таңылуу болуп, Каныкей кордук көрүп, Таластан качып чыгып, Букарга жетип-жетпей жолдо азыктары түгөнүп, эриндери кеберсип, кирпиктери ачкалыктан катып кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүшөт. Ай-талаада укташып, таң шоолалап атканда ойгонушса, Семетей жок, Чыйырды эне менен Каныкей чыркырашып, шорубуз каткан экен деп ойлошот. Ошол учурда Семетейди ак мүйүзү жылтылдап ак марал эмизип турган экен. Жалгызымды ак кайып жалгады, жолубуз ачылды деп ый аралаш кубанычка баткандыгын, Ысмайылдын баланы асырап бакан-дыгы, Таласка эр жетип келгендигин, душмандарын жеңип, Бээжинге күн алуу үчүн баргандыгын, Коңурбайдын Алгарасынын куйругун чолойтуп үзгөндүгүн, Кара кулдун сакалын молойтуп жулгандыгын, баатырдын тайбас согушун, топ адамдын түркүгү эр Семетейдин тирүүлөй кайып кетишин баш сөзүндө учкай айтканына октолот. Шыгымды өчүп-жанып бул баянга арнадым дейт да, журтту, калың окурманды таянар тоосу катары эсептеп, эгерде бул чыгарма силерди кайдыгер калтырбаса, кылдай да арманым калбайт деп жазат. Манасчынын «Семетейди» жазууда толгонгонун, бул аракетим эл тарабынан жакшы бааланса экен деген тилеги болгон.

Манасчы У.Мамбеталиевде «Баян башы» деп «Семетей» бөлүгү башталгандан кийин «Семетейдин төрөлүшү» деген бөлүм жазылган. Бул

бөлүмдүн башталышынан мисал келтире турган болсок:

Туйгунуң Манас кабылан,
Тургансып айнып табынан,
Тутанып оттой күрүлдөп,
Туткагы кармап абыдан.
Жер солкулдап козголуп,
Тоодой алтын тагынан.
Кең дүйнө көзгө көрүнбөй,
Кечкенсип бүгүн баарынан…
Кабагы карлап камыгып,
Жаралуу арстан сыяктуу,
Жаалы кайнап жабыгып,
Самаганы бир перзент,
Санаасы сайлап агылып [4, 16]…деп Манас баатырдын баласынын жоктугуна капалуу экендиги айтылат. Ошол мезгилде Манастын жашы элүүгө келип калган экен. Манас баатыр ал күнү эч кимди жанына албай Азыреттин Мазар-Тоосун беттеп жөнөйт. Манас бара жатып токол энесинин 6 уулу бар экендигин, алар ала бөйрөк, ичи чаар экенин, карындашы Карлыгачтын чыккан кыз чийден тышкары болуп, уялаштан жалгыз экенин, ажалдан кайра тартпаган, айкашка туулган жан экенин ойлонот. Манас баатыр өткөнүн эске түшүрүп өзүнүн Карабөрккө, Акылайга кандайча үйлөнгөнүн, алардын кандай аялдар экенине, ал эми Каныкейдин дайынын Бакайдан укканын, Темиркандын кызы экенин, теги кайыптан бүткөнүн, айнектей сулуу периште, ажары көздү уялткан, алтын сөөмөй ишкер кыз, гүл төгүлгөн колунан деп сүрөттөлүп берилет. Каныкей да төрөбөй, арманым башымдан ашынды деп кайгырып беш куйма суу Кең-Колдон, беш арык суудан кечип, бейдаарат киши барбай турган жер Бекжайлоо деген жерге келип арчалуу жондуу бет алып, ат башын тарта бергенде укмуш окуяга туш болот. Ак марал айдап баккандан алты ата көрбөс иш болду, чалыяр жолун чалганбы? Сыйкыр салып дуба окуп, мында учуп келип калганбы, кыркалай тизилип отурган ордолуу үйгө туш болду. Сайылып турган казык жок, сарт байланган аттары, аркар шыйрак, жез туяк, баштарында алтындан жүгөнү бар. Ортолорунда толтура ширин аш, урматтап четтен улууну, ууз кымыз сунулду. Манас баатырдын алигин алган кырк киши Манас баатырга ортодон орун беришет. Алардын арасында акылы даана көсөмү, алтын сакалдуу, нур жүздүү киши сөз баштады. Өткөн менен кеткенден баян кылды. Оозунда актык келмеси бар, адам пендесине окшобогон бул адамдардын баянын манасчы мындайча баяндайт. Ак сакалдуу адам мындай дейт: «Алтайда бала кезиңде, Ошпурга малай койчу болуп жүргөнүңдө, кечинде дигер бешимде карышкыр тийген козунун аркасынан кубалап келип, Суук-Төрдөгү Кара-Үңкүргө сүй жыгыла жетти элең, жигит пиринин сынынан өткөнсүң, ар кандай согуштарда сыртыңдан көз салып багып жүрөбүз, бала деп чоочуп карт төөдөй баатырым кайтпа курчуңдан, чын эгем жан деп жаратса, кебимдин төгүнү жок, Кайыптан буудан кабылса, катарга алтын жүгөн бар. Каныкей зайыбыңдын боюнда

кабылан туур күмөн бар, балаң төрөлсө, өзүңдөн ашкан эр болот. Азырети Аалыдай, ааламга татыр шер болот» – деп келечекте туула турган баланын тагдырын айтып беришет да, көздөн кайым болушат [5, 22].

У.Мамбеталиев Кыргыз радио-сунун алтын фондусуна манасчы С.Орозбаковдун вариантын айтып жаздырган экен. Ошондуктан Сагынбайга таасирленүүсүнүн натыйжа-сында «Семетей» эпосунда Манас баатырдын Кызыр Илияс, кырк чилтенге жолукканы жөнүндө баяндалып берилүүдө. С.Орозбаковдун вариан-тында Манас Ошпурда кой кайтарып жүргөндө Кызыр Илияс, кырк чилтенге жолукканы жөнүндө абдан кызыктуу окуя бар [6, 50]. Ошол окуядагы Манасты өмүр бою коштоп жүрүүчү Кызыр Илияс, кырк чилтен Мамбеталиевдин «Семетейинде» Манас баатырга жолугуп, ага жакшы кабар айтышып, уулдуу боло турганын жана уулунун келечекте өзүнөн кем эмес баатыр боло турганын алдын ала айтышат. Манас кубанып үйүн көздөй жөнөйт. Үйүнө кубанып келип түшөт. Дарбаза ачып, чоролору атын алат. Каныкей Манас баатырдын алдына дүйүм тамак, бал кошулган нууз кымыз коёт. Манас өзүнүн көргөндөрүн Каныкейге айтып берет. Беш-Таштан кырк чилтенге жолукканын, теңирден келген элчидей, тереңди билген ченчидей болуп, аркы заманды оодарып, айныксыз айтып берчүдөй болуп эркек уулдуу боло турганымды айтышты, - дейт. Каныкей кечээ кең Каркыранын оюнда, Көкөтөй хандын ашында, эки жаат тиреште, эр эңиш, балбан күрөштө кандагай шым үчүн олуязаада алп Кошойдун берген батасы орундалган окшойт, менин боюмда үч айлык бала бар, азыр аны эч кимге айтпайлы деп, өзүнүн көргөн түшүн айтат. “Таң алды менен бала деп мазар тайып алыпмын, жоргом алдыны көздөй жулунду, алды жакта бар-бар этип ыйлаган баланын үнү угулду, ал балага шашып жеткиче заманам чийдей куурулду. Кичинекей бала бешикте бөлөнүү экен, ал баланы эмизип, атка өңөрүп алып үйүнө келет, элге той өткөрүп, жентек тоюн беришет. Бала тез чоңоюп эрезеге жетет, эл багуучу эр болот экен” – дейт Каныкей. Манас баатыр түштү жакшылыкка жоруйт. Убакыт өтүп, Каныкейдин төрөй турган убактысы келет. Каныкей бүбү кемпирлердин ичинен Төрөканды кашына алып мындай дейт: “Аман-эсен төрөсөм, көз кырымды салам, колуңуз уудай эмдүү эле, Умай-Эне болуңуз, төрөтүмө жардам кылыңыз,” - деп суранат. Ошол учурда Манас баатыр өзүнүн кырк чоросун кошуп алып, эр Бакайды башчы кылып ит агытып, куш салуу үчүн ууга аттанышат. Каныкейдин төрөй турган мезгили келип, баланын үнү күр этип, Төрөкан бою дүр этет, анын бөйрөгүн бир кара күч эңшере муштап кеткендей болуп, жыгылып калчудай болуп теңселет. Баланын тону менен кошо сур жолборс түшкөндөй болот. Тилинен жалын шыркырап, баланы маңдайынан сүйөт. Ал үч кубула көрүнүп, кара кулак шер кайып болуп кетет. Баланын колу, бутун кармалашканга аялдардын дарманы жетпей, баланын салмагы балбан таштай болот. Бала баркырап ыйлаганда, анын жаңырган үнүнөн жар көчкү жүргөндөй болот, кара шамал согуп, кайың тал кыйрайт. Бадачы жондо титиреп, кош колу тизгинде катат. Асмандан калпактай таш мөндүр жаап, качырып боюн курдуска карсактын токтому кетти. Мындай кыямат иш аш бышым өтө токтойт. Күүгүм туман кетип, күн чайыттай ачылат. Дал ортодо түк байлап жалы бар,

көзүндө калы бар, айбаты арстандай, жылдызы жарык, жылма кабак, ак маңдай, Азырети шердей албеттүү бала туулганына кубанган Каныкей өзүнчө ойлонот. Манас баатыр келсе, анын көзү оттуу эле, мен ага баланы көрсөтпөйүн деп баласын коруп турат. Баланы көз тийүүдөн сактоо үчүн өткөн мезгилден бери түрдүү ырым-жырымдар колдонулуп келген, бул боюнча атайын изилдөө жүргүзүүгө болот.

Андан ары сюжеттин өнүгүшүндө «Манас» эпосундагы бир окуядан экинчи окуяга өтүүдөгү «Аны таштай салалык, Алда кандай кеби бар, Айкөлдөн кабар алалык» деген даяр формула менен Манастын ошуунунан кабар алышат. Ошол күнү сырттан Манас оң жамбаштап жаткан бейм, Дааратын алып жүз чайкап, Каныкей андай абалда болду экен деп ойлонуп келе жатканда, ак периште асмандан аяндап кабар бергендей кулагына жагымдуу үн угулат:

Боосу бек болсун, баатырым!
Болдуңуз эркек уулдуу!
Аман болсо бул балаң
Ак ордо күтүп туу баштаар,
Айкашта жоосун буй кылып,
Ак бороон салып чуу аштаар [7, 30].

Уркаш Мамбеталиевдин жазган «Семетей» эпосундагы «Семетейдин төрөлүшү» деген бөлүм көпчүлүк варианттарда «Манас» бөлүмүндө айтылат. Бул тууралуу автор өзү да «Семетей» эпосуна киришүү катары берилген «Баян башы» аттуу эпизоддун аягында жазган. Семетей төрөлө электе «Көкөтөйдүн ашында» 95 жаштагы карыя Кошой Жолой менен күрөшкө түшүп, Каныкей тиккен кандагай шымдын жардамы тиет. Кошойдун батасы жанды байытып, каргышы ташты жарылткан касиети болгон. Ошол ашта Каныкейдин даярдаган кандагай шымы үчүн Кошой: «Эрегишкен душманы эңгенде болсун тебетей, эгер эркек төрөсөң аты болсун Семетей», - деп күн мурунтан балага ысым берип, бата берет. Семетей батадан бүткөн бала деп айтылат. Манас «Чоң казатка» аттанар алдында уулдуу болот. Манас Бээжинге аттанып, жеңишке жетишип, ал жерде 6 ай бийлик жүргүзүп, он эки кандын кошуунун жер-жерине таратат. Кийинки кандуу казатта кырк чоросунун көбүн окко учуруп, өзү жаракат алып келип, Таласта үч жыл ооруп жатып көз жумат. Манастын көзү өткөндөн кийин ордосу таланат. Жакып, Абыке, Көбөштүн кордугунан кийин Каныкей кайыненеси Чыйырдыны ээрчитип, баласы Семетейди көтөрүп алып Букарды көздөй качып кетет.

«Көбөштүн чабуулу» аттуу бөлүмдө Манас баатыр ар кандай согуштарда жеңишке жетишет, Бээжинге колу менен аттанып барып, алардын сепилин бузуп, Коңурбайдын амалы менен Манас баатырдын кыр аркасына найза сайылып, учу калып калат. Ошол жаратынан айыга албай Манас баатырдын көзү өтөт.

Жакыптын кичүү аялынын балдары абдан кубанышат. Бакдөөлөттөн туулган балдар абдан жөнсүз, колдорунан эч нерсе келбеген Адыбай, Көлбай дегени ала дүңгүл торпок баш деп берилет. Манас баатырдай болушуп, туу болуп күтүп эл ала алышпайт. Манастын айдыңынан сүрдөшүп, бири да жанына жакын жолошчу эмес экен. Чыйбыт, Кочкорду серп салып, эч ким: «Сен кимсиң ай!» деп

сурабайт. Көзгө илинбеген, айкаш десе зирилдеген, үй күчүк балдар болушат. Алар колунда барды көрө албайт, колунда жок адамдарга тырышып корголдой тыйын бере албайт. Алардын ичинен ант урган Көбөш көлтөңдөп арам ойлонот. Манас десе кыжынып титирешип турушат. Манастын көзү өткөндө Көбөш абдан кубанат. Манасчы Көбөштүн кубанганын сүрөттөгөндө, кетменге талдан бүткөн алтын сап табылгандай, ободогу жылдызга окшоп колу жеткенге, «кан агасы өлсө иниси калкын сурап тагын басат, жеңесин алат, айнектей болгон долу меники, айнып кайда качат» - деп ойлонот. Абыкеге мындайча кайрылат: -«О нардай агам келгин!-дейт. Менин акылыма көнгүн, мен бул нерсени нары ойлоп, бери ойлоп таразалап көрдүм, ким эле өз бүлөсүн жат бирөөгө кыйсын, Манастын зайыбы Каныкей, кыраанга тырмак салдырбас, кырдагы кызыл сүлөөсүн, бир күнү башка бирөөгө тием десе, анын күнөөсүн биз моюндашыбыз керек, Абыке сен менден улуусуң, сен Каныкейди алып, той өткөрүшүң керек», - дейт. Абыке анда мындай деп айтат: «Батага али жек-жааттарынын баары келе элек, кырк ата уулун чакырып кырк ашын али бере элек. Каныкей жеңем али карасын башынан ала элек. Кабылан шерден айрылып, калың аргын кыргыздын кайгысы андан жана элек. Манас барында жыргалга тунуп, биз анын аркасын көргөн элек, анан кантип Манастын ордосун тебелейбиз», − деп айтканда, Көбөш агасын жемелейт. «Болду сөзүң токтоткун, кер-мур айтышкым келбейт, сендей кер аяк менен айтышкым келбейт деп», - Абыкенин макул болбогонуна ачууланат.

Сеңирлүү төрдөн дем алам,
Семирип, сергип сеп алам.
Секетиң кеткин Каныштан,
Селпейген жаман Абыке,
Сен албасаң, мен алам!
Кара кыр өрдөй дем алам,
Как маган кучак жайгандай,
Бүгүн кабагын жарып кең аалам.

Кагылып кеткин Каныштан,
Сен албасаң, мен алам.

Жогорудагы ыр саптарынан манасчы У.Мамбеталиев синтаксистик параллелизмди кандай колдонгондугун көрүүгө болот. У.Мамбеталиев өзүнүн вариантында көркөм сөз каражаттарын да өз ордунда колдонуу менен, чыгарманын көркөмдүгүн арттырган.

Жакып, Абыке, Көбөш чоролор келишип, Манастын ордосун чабышып, бош бешикти Семетейди жок кылдым деп ортосунан бөлө чабат. Каныкей: «баламды жедиң» деп ыйлап калат. Манастын ордосун талап, анын үй-бүлөсүнө зордук-зомбулуктун көрсөтү-лүшүнүн сүрөттөлүшү окурманды ойго салат. У.Мамбеталиев таланттуу адам катары чыгарманы жогорку чеберчиликте жараткан. Ал мурдатан айтылып келе жаткан манасчылардагы даяр сюжеттик окуяларга таянуу менен, өзүнүн бийик акындык дарамети менен андан ары

өнүктүрүп, «Семетей» эпосун жаңы табылгалар менен байыта алган.

Адабияттар:

1. Орозобекова Ж.К. Айтуучулук өнөрдүн тарыхый өсүп-өнүгүү жолу. -Б., 2003. - 208-б.
2. Мамбеталиев У. Семетей. -Бишкек, 2010. - 14-б.
3. Мамбеталиев У. Семетей. -Бишкек, 2010. - 3-б.
4. Мамбеталиев У. Семетей. -Бишкек, 2010. - 16-б.
5. Орозбаков С. Манас. -Бишкек, 2010. - 22-б.
6. Мамбеталиев У. Семетей. -Бишкек, 2010. - 50-б.
7. Мамбеталиев У. Семетей. -Бишкек, 2010. - 30-б.